**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

---

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин**
**VII чакырылышындагы V сессиясы**
**Токтом**

**2024-жылдын 26-июну №28** **Төрт-Күл айылы**

**2025-2026-2027-жылдарга болжолдуу бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына Болот Мамбетов айыл аймагынын 2025-2026-2027-жылдардын болжолдуу долбоорун бекитүү боюнча Болот Мамбетов айыл аймагынын кирешелер жана чыгашалар боюнча башкы адисинин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, жергиликтүү Кеңештин сессиясы ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү кирешелердин жана чыгашалардын өлчөмү
2025-жылга 14234,3 миң сом өлчөмүндө,
2026-жылга 14245,3 миң сом өлчөмүндө,
2027-жылга 14296,3 миң сом өлчөмүндө каралсын;

2. Республикалык бюджеттен алынуучу "Теңдештирүүчү гранттын" өлчөмү
2025-жылга 21335,6 миң сом өлчөмүндө,
2026-жылга 21335,6 миң сом өлчөмүндө,
2027-жылга 21335,6 миң сом өлчөмүндө каралсын;

3. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **Р.Белекова**

**Катчы** **Г.Садырова**